# Диний таалим-тарбиянын руханий маданиятыбызга кошкон салымы

Топчубаев К.*

Özet

Sovyetler Birliği'nin dağılmasının getirdiği özgürlüklerden birisi olan inanç özgürlüğü özellikle müslümanları önceki dönemin aksine serbest bir şekilde dinlerinin gereklerini yerine getirme çabası içerisine sokmuştur.

Sovyetler Birliğinin dağılması Türk topluluklarının bağımsız devletler kurmalarını sağlamıştır. Bu devletlerden birisi olan Kırgızistan Cumhuriyeti kuruluşunun ilk yıllarında büyük problemlerle karşı karşıya kalmıştır. Devlet yöneticileri devletin sistemi üzerinde çeşitli projeler geliştirirken sosyal yapıda da büyük problemler ve değişiklikler ortaya koymaya çalışmışlardır. Ülke halkı ekonomik yönden oldukça zor bir yaşam sürmeye başlamıştır.

Devletin yapısının laik ve demokratik esaslar üzerine kurulması halkın çeşitli özgürlükleri kazanmasına sebep olmuştur. Devletin laik yapısı gereği okullarda başlı başına dini bilgileri içeren bir derse izin verilmemiştir. Ancak İslam dininin Kırgız kültürü üzerindeki etkisi silinemediği için de İslam ile ilgili bilgiler bazı kültür dersleri içerisinde yer almıştır. İslamla ilgili konuların kültür dersleri içerisinde yer alması ve bunun uygulanması sonucu ortaya çıkan problemler devlet yetkilileri ve halk arasında tartışmalara yol açmıştır.

**Anahtar kelimeler**; Bağımsızlık, Kültür, Devlet, Sosyal, Kültür, Ekonomi

XX к. акыркы он жылдыгы окуяларга бай болду. Аларды эң орчундуусу СССРдин кыйрашы жана анын урандысында көз карандысыз мамлекеттердин келип чыгышы. Бул кансыз революция коомдук түзүлүштү, экономиканы, саясатты толук камтыды. Коомдук мал-мүлк менчиктештирилип, коммунисттик партиянын диктатурасы кулады. Жеке бийлөөчү доордун "акылы жана ар намысынын ордуна" эч ким колдобогон саясатчылардын кичинекей тобу келип чыкты. Бир ойлуулук көп ойлуулук менен алмашылды. Дал ушул шартта мурда тыюу салынган темаларга кайрылуу жанданды. Ошолордун бирөө дүйнөлүк тарыхтын ажырагыс компоненти болгон дин акыйкаты эле.

Канчалык коммунистик партиянын диктатурасы динсиздикти жайылтууга аракеттенсе да, дин акыйкатын жокко чыгара алган жок. Бул доорлордо тескерисинче диний муктаждыкты камсыз кылуу иш аракеттери жашыруун түрдө жүргүзүлүп турду. Мунун натыйжасында эгемендүүлүгүбүз менен дин жаатында илимий жактан алсыз адистер пайда болуп, келечек муунга диний маалымат берүү милдеттери аталган адистерге жүктөлдү. Ошону менен бирге диний темада чаржайыттуулук өкүм сүрө баштады. Бул көрүнүштү андап билген Билим жана маданият министирлигинин №9У4 30.07.2003-жылында "Мектеп окуучуларына

адептик жана рухий-ыймандык билим берүү концепциясы жөнүндөгү" коллегиясы өз чечимин кабыл алды.[14] Ошол чечимдин негизинде милдеттүү түрдөгү жаңы "ыйман" сабагы пайда болду.

Ыйман сабагынын программасында дин, анын адептик, моралдык нускалары жөнүндө маалыматтар берилген, бирок, ал маалыматтар үстүртөн жана маданият таануу негизинде гана берилген. Чындыгында дин Кыргыз маданиятынын да ажырагыс компоненттеринин бири.[15] Аны маданият тануу катарында таанытуу керек. Бирок бул жагдайда мамлекет, ар бир атуулдун диний муктаждыгын камсыз кылуу милдетин жана динин үйрөнүү укугун унуткансыйт. Бул багытта биз бул макалабызда төмөндөгү суроолорго жооп издөөнү туура таптык:

Эгемендүү Кыргызсттандын диний таалим тарбия тармагындагы орчундуу маселелер эмнелер?

Диний таалим тарбиянын кереги барбы?

Диний таалим тарбия кайсы жерлерде берилиши керек?

Диний таалим тарбиянын натыйжасында кандай жетишкендиктерге жете алабыз?

Диний таалим тарбия теориялык жана практикалык жактан өтө кеңири түшүнүктөрдү камтыйт. Анткени бул сөз айкашы кеңири түшүнүктөрдү камтыган терминдерден куралган. Баарыбызга маалым болгондой дин да, таалим тарбия да кеңири түшүнүктөрдү камтыгандыктан белгилүү бир аныктама берүү кыйындыкка турат. Ошондуктан таалим тарбия терминине кээ бир илимпоздор доордун талабына ылайык адам тибин тарбиялоо[16] деп аныктама беришкен болсо, кээ бирлери да белгилүү пландын негизинде адам баласы өз тажрыйбасы менен жүрүм-турумдарын жөнгө салуу процесси[17] сыяктуу аныктамаларды берип келишет.

Ар бир коом алгач кандай типтеги адамды тарбиялоону чечет. Андан соң аталган типтеги адамды тарбиялоо үчүн негизги максаттар жана жардамчы максаттар аныкталып, бул максатты орундатуучу мекемелер, мектептер жана сабактар даярдалат. Ошондуктан негизги максаттар менен жардамчы максаттар доордун талабына жооп бере алган болсо, таалим тарбия адам баласын тарбиялап өстүрүүгө кызмат кыла алат. Эгерде жогорудагы иш аракеттер орундалбаса, анда таалим тарбиянын жемиштүүлүгүнөн сөз кылуу мүмкүн эмес. Башкача айтканда таалим тарбия адам баласын ар дайым доордун талабына ылайыктуу кылып тарбиялайт деген теорияны айтуу кыйындыкка турат. Демек, коюлган максатарга жетүү иш жүзүндөгү системага, сабактарга, окуу куралдарына жана мугалимдерге көз каранды болот.

Дин термини да баарыбызга маалым болгондой түрдүү түшүнүктөрдү камтыйт. Жогоруда белгиленгендей диний таалим тарбия

---

* Анкара университетинин социалдык билимдер институнун аспиранты

[14] Коом жана үй-бүлө, №30, 2003, 3-б.

[15] Кыргыз туусу, №10, 13-16-февраль, 2004, 8-б.

[16] Diyanet Aylık Dergi, "Din Eğitiminin Hedefleri", DİB, sayı:141, 9-бет

[17] Beyza Bilgin, Mualla Selçuk, Din Öğretimi, Gün yay., 5.baskı, Ankara, 1995, 26-бет.

термини кеңири түшүнүктөргө бай сөздөрдөн куралгандыктан, белгилүү бир аныктама берүү өтө кыйын. Ошондуктан диний таалим тарбия, кайсы диндин таалимин берет деген суроонун жандырмагын табуу, аталган терминдин маңызын түшүнүүгө көмөкчү болот.

Бул жагдайда негизинен эки түрдүү көз караш айтылып келет. Биринчи көз караште диний таалим тарбия коомдун ишенген дининин таалимин бериши керек деген пикир айтылат. Бул көз карашты жактагандар кандайдыр бир динге моюн сунган адамды негиз алышып, диний таалим тарбия качан гана белгилүү бир диндин таалимин бергенде гана маанилүү экенин белгилөөгө аракет жасашат. Ал эми экинчи көз караш болсо, антропологиялык көз караш деп аталып, илим-билимди негиз алган көз караш болуп саналат. Бул көз караштын жактоочулары илим-билимди негиз алышкандыктан, обьективдүүлүккө жана универсалдуулукка өзгөчө көңүл бурушуп, "диний таалим тарбия билим тармагына кирген болсо анда, кандайдыр бир динди өзүнүн дини катары кабыл албашы керек" деген пикирге таянышат.[18]

Жогоруда белгиленген көз караштар негизинен Кыргыз республикасынын учурдагы дин жаатындагы талаш-тартыштарды да чагылдырат. Анткени өлкөбүздүн күн тартибиндеги "ыйман сабагы" туурасында да түрдүү көз караштар айтылып келет. Кээ бир жарандар аталган сабакты диний таалим тарбия катары баалашса, кээ бирлери да ыйман сабагынын дин менен эч кандай алакасы жок экенин белгилешет. Бул көз караштардын түп тамыры "ыйман" терègининде жаткансыйт. Себеби "ыйман" сөзү кыргыз тилине арап тилинен кирип, "ишенүү", "ишеним" деген маанилерди берет. Ислам дининин да негизги шарты болуп саналат. Өлкөбүздө "ыйман" терминине негизинен эки түрдүү түшүнүк берилгендиктен, ыйман сабагы түрдүү талаш-тартыштарга дуушар болуп келет. Аталган терминди "ишеним" деп түшүнгүндөр, ыйман сабагын диний таалим деп баалашып, Ислам дининин таалимине басым жасашат. Булар негизинен өлкөбүздүн көпчүлүк бөлүгүн түзгөн мусулман калкка Ислам динин үйрөтүүнү самагандар болуп саналат.

Ал эми терминге "адеп-ахлак", "адептүүлүк" сыяктуу түшүнүк бергендер, кыргыз элинин бүтүндөй тарыхына басым жасашып, ыйман сабагын Ислам дини менен чектөө, кыргыз тарыхын чектөө менен барабар экенин белгилешет. Башкача айтканда, Ислам дини менен чектелген ыйман сабагы, кыргыз элинин ыймандуулук түшүнүгү Ислам дини менен бирге пайда болгон деген пикирди чагылдыраарын жана кыргыз тарыхында Ислам дининен башка диндердин да орду бар экенин белгилешип, кыргыз элинин ыймандуулук түшүнүгүн тээ кыргыздын пайда болуу доорлоруна таандык экенин тастыктоого аракет жасашат. Ошондуктан булар ыйман сабагына "келечек муунга кыргыздын нукура маданиятын тартуулоо"

[18] Кеңири маалымат үчүн караңыз, Жемал Тосун, Din Eğitimi Bilimine Giriş, Pegem A yay., Ankara, 2001, 5-12-бб.

сабагы деп баа беришет. Негизинен бул түшүнүктү билим берүү кызматкерлери жана мамлекеттик структуранын адамдары жакташып, Кыргыз Республикасынын конституциясындагы "дин менен мамлекет бири-биринен ажыратылган" деген статьясын негиз алышат. Ошондой эле "ыйман" терминин диний түшүнүгүнөн улам бул сабак диний өзгөчөлүккө ээ болгонун белгилешип, сабактын атын "адеп" сабагы деп атоону туура табышкан.

Жогорудагы эки түрдүү көз караш мектептерде атайын "диндер тарыхы" деген сабактын пайда болуусуна шарт түзүүдө. Баарыбызга маалым болгондой эле, эгемендүү Кыргыз республикасы дин менен мамлекет бири-биринен ажыратылган секулярдык мамлекет болуп саналат. Бирок өлкөбүздөгү диний кырдаалды жөнгө салуу үчүн атайын илимий өзгөчөлүккө ээ болгон диний таалим тарбиянын зарылдыгы пайда болгонсуйт. Тилекке каршы өлкөбүздө диний таалим тарбияга идеологиялык көз караш менен мамиле жасалып, ага илимий түрдө маани берилбей жатат.

Максатка ылайыктуу диний таалим тарбия, билим берүү системасынын бир бутагы катары доордун талабына шайкеш адам тибин тарбиялоого көмөк көрсөтүүнү максат кылат.[19] Бирок диний таалим тарбия келечектеги функциясын аткара билүүсү үчүн, анын тарыхы жана учуру илимий түрдө талдоого алынып, баа берилиши керек. Тилекке каршы бул жагдайда илимий тажрыйба жокко эсе. Ал тургай өлкөбүздө диний таалим тарбиядагы илимий тажрыйбаны өнүктүрүү жаатында изилденген адистер да өтө аз. Тактап айтканда бул жагдайдан кабардар болбогондордун саны арбын десек, аша чапкандыкка жатпайт. Ошону менен бирге ыйман сабагын үйрөтүү үчүн атайын адистердин жоктугу да учурдун негизги талабы экени шексиз.

"Диний таалим тарбиянын же дин сабагынын эмне кереги бар?" деген суроого токтоло турган болсок, бул суроонун эң жөнөкөй жообу төмөндөгүдөй болмокчу: башка сабактар кайсыл себептерден улам коюлган керек болсо, дин сабагы да ошол себептерге көз каранды.

Учурда дин акыйкатын жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгү жокко эсе. Анткени дүйнө тарыхы дин акыйкатын жокко чыгаруунун натыйжаларына күбө болуп, дин жаатындагы боштук коомдогу кээ бир бытырандылыктардын себепкери экенинен кабардар.[20] Баарыбызга маалым болгондой дүйнө жүзүндөгү көптөгөн бытырандылыктардын негизинде дин акыйкаты жатат. Ошондо эле дин термини өтө татаал терминдердин катарына кирип, субьективдүү түшүнүктөрдү камтыгандыктан талаш-тартыштарга алып келүүдө.

Ошону менен бирге кыргыз калкындагы диний бытырандылыктардын көпчүлүгү диний боштуктан пайда болууда. Анткени Кыргыз Республикасы атайын дин адисин жетиштире албады. Мунун натыйжасында

[19] İlahiyat Ekseni, "Yaygın Din Eğitiminin Hedefleri", Mayıs 2000, sayı: 6, s.10
[20] Uluslarası Din Eğitimi Sempoziyumu, düz: AÜİF ve TÜMER Dil Öğretim Merkezi, 20-21 Kasım 1997, 16-бет.

дин акыйкаты, үрп адаттар менен аралашып, диний муктаждыкты камсыз кылуунун ордуна орчундуу проблемага айланууда.

Учурда Кыргыз элинин жан дүйнөсү жакырлап, руханий кризиске кептелип, сырткы дүйнө менен ички дүйнөнүн тең салмактуу өнүгүүсү бузулгансыйт. Коомубузда болуп жаткан терс көрүнүштөр, б.а. үй-бүлөлүк бузулуулар, улуу муун менен кичүү муундун ортосундагы келишпөөчүлүк, жаштардын ичкиликке, баңгиликке, текеберчиликке, эгоизмге ж.б. наадандыктарга барышы ар бир кыргыз атуулун ойго салууда.

Жогоруда белгиленген жагдайлар динибизди таанып билүүгө мажбулап жаткансыйт. Демек, диний таалим тарбия адамзатка туура диний маалымат берүү иш аракеттерин камсыз кылат. Бул багытта кайсыл жерде диний таалим тарбия берилиши керек деген суроонун туулушу табигый көрүнүш.

Баарыбызга маалым болгондой эле, мектептер келечек муунду тарбиялоо, коомго даярдоо, коомдун баалуулуктарын үйрөтүү кыскача айтканда окуучуну "инсан" деген өзгөчөлүккө татыктуу кылуу мекемелери болуп саналат. Мектептерде учурдун талабы жана окутуунун философиясы негизги орунда турат.[21] Ошондуктан диний таалим тарбиянын да орду мектептер, бирок бул жекиликтүү эмес. Анткени адам диний малыматтарды жалгыз гана мектептерден албайт.

Ошондуктан диний таалим тарбия сырткы чөйрө менен да тыгыз байланышта болушу керек. Тактап айтканда үй бүлөдөн тартып бүткүл чөйрөнү кулачына алган диний таалим тарбия жемиштүү болот деген ойдобуз.

Анткени таалим тарбия системасынын универсалдуу төрт милдети бар. Алар: экономикалык, саясий, личностук жана маданий милдеттери болуп саналат. Бирок, бул милдеттердин мазмуну коомдон коомго жана ар бир өлкөнүн каалаган өзгөчөлүктөгү адам тибине карай өзгөрүүгө учурайт. Анткени кандайдыр бир коомдун каалаган өзгөчөлүктөгү адам тибин даярдоого коюлган максаттар коомдун маданиятына ылайыктуу болушу керек.

Таалим тарбиянын экономикалык милдети кандайдыр бир коомдун экономикалык жактан муктаж болгон кызматкерлерин даярдоо жана экономикалык маалыматты камсыз кылат. Саясий милдети, иш жүзүндөгү саясатты өнүктүүрүүгө салым кошо алган лидерлерди даядайт. Личностук милдети да, адам баласынын бардык жөндөмдүүлүктөрүн жана көркөм табитин өстүрүүнү көздөйт. Ал эми маданий милдети болсо, коомдун эң кичине мекемеси болгон үй бүлөөдөн баштап бүткүл дүйнөдөгү баалуулуктарга ылайыктуу мамиле кыла алган таасирдүү адам баласын тарбиялап өстүрүү болуп саналат.[22] Мына ошондуктан бардык үйрөнүү жараянына таасир кылган чөйрөлөрдү камтыган диний таалимге маани берилиши мектептеги дин сабагын учурдун талабына багыттайт.

---

[21] İlahiyat Ekseni, "Yaygın Din Eğitiminin Hedefleri", Mayıs 2000, sayı: 6, s.12
[22] Diyanet Aylık Dergi, "Din Eğitiminin Hedefleri", DİB, sayı:141, 9-10-бет

Ушул иш аракеттердин натыйжасы келечек муунга төмөндөгү жетишкендиктерди камсыз кылмакчы:
Диний муктаждыкты туура малыматтар менен чындоону.
Дин эркиндигин туура пайдаланууну.
Коомдук турмуштагы динге ылайыктуу мамиле жасоону.
Диний ибадаттарын башка бирөөгө көз карандысыз аткарууну.
Башка бирөөлөрдүн диний ишенимдерине толлерантуу мамиле кылууну.
Коомдогу диндин жаңылыш тараптарынан кабардар болууну.
Коомдогу диний жөрөлгөлөргө туура мамиле кылууну.
Диндин коомдук коопсуздукту сактоодогу ордун таанып билүүнү.
Туура эмес диний түшүнүктөргө ылайыктуу мамиле кылууну.
Диндин универсалдуу өзгөчөлүгүн таанып билүүнү.
Диндин дүйнөдөгү тынчтыкка кошкон салымын аңдап билүүнү.
Универсалдуу адеп ахлакка диний маалыматтары менен салым кошууну.
Башка диндердин таасиринен улам өзүнүн диний маданиятынан алыстабоону.
Диндин нукура маңызын таанып билүүнү.
Түрдүү диний, саясий агымдардын таасиринен кутулууну.
Маданияттын диний өзгөчөлүгүн диндин негизги булактары менен салыштырууну.
Маданияттын диний өзгөчөлүгүн таанып билип, аны өркүндөтүүнү.
Адеп ахлак жаатында дин акыйкатынан пайдалана билүүнү.
Адептүү жүрүм-турумдарды өздөштүрүүнү.
Маданий мурасты аңдап билүүнү.
Маданияттын өнүгүүсүнө салым кошууну жб.
Корутунду

Дин акыйкаты адамзатка арналып, анын жашоо турмушун жөнгө салууга көмөкчү феномендердин бири болуп саналат. Бирок өтө кеңири түшүнүктөрдү камтыгандыгы жана атайын адистердин жетишпестиги бул акыйкатты проблемалуу темаларга айландырууда. Бул жагдайда эгемендүүлүгүз менен Орто Азияда алгачкылардан болуп ачылган Ош мамлекеттик университетинин теология факультети аталган муктаждыктарды камсыз кылуу өзгөчөлүгүнө ээ. Андыктан “Ыйман сабагы”, улуу муундун ишенимин, каадасын, дүйнөтаанымын, тилин, дилин, динин, тарыхын, жалпы айтканда, бүтүндөй рухий жана материалдык маданиятын кийинки жаш муунга өткөрүп берүү милдетин аткарууга тийиш. Мунун натыйжасында мамлекетибиз руханий жактан жанданып, жаңы муун руханий жактан арууланып, адеп-ахлактык жүрүм-турумдардын пайда болушуна шарт түзүлмөкчү.